***АЛМАЗБЕКОВ НАДЫРБЕК АЛМАЗБЕКОВИЧ***
*Ученик 8 класса средней школы им.Э. Мейманова*
*Номинация «Не вижу преград, вижу цель!»*
*Группа «Школьники»,*
*Нарынская область, Ак-Таала р-н, с. Кош-Добо.*
*2022, Март*

Жашоодо ар бир инсандын өз кызыкчылыгы бар. Адам ошол өзүнө жаккан нерсени ишке ашыруу менен өзүнө ырахат тартуулай алат.Менин да жашоодо кызыккан нерселерим бар. Алардын бири шахмат оюну.Шахмат бул -акыл оюну.Шахмат адамдын акыл -эсин тетиктештирет жана шахмат оюнунан кийин менин кадимкидей көңүлүм жазыла тушөт.Кыскасы ,шахмат мен үчүн бул бир бутун дүйнө.

Кадимки согуш талаасын элестеткен шахмат оюну дүйнө элдеринин сүймөнчүктүү оюндарынын катарына кирет. Өзгөчө бул оюн акыл калчап жүрүш кылганга, ой жүгүртүүнү өстүрүүгө өзгөчө өбөлгө түзөт деп ойлойм.Мен да чарчаганда да шахмат ойнойм.Анткени ал ачуун келип жатканда мээни эс алдырат.Шахмат оюну мага каталарымды оңдоого жардам берди.Анан дагы мени өзүмдү өзүм эмоционалдык көзөмөлдөөгө үйрөттү.Мен бир эле шахмат менен чектелбей акыл эсти жөнгө салат турган ар кандай интелектуалдык оюндар менен да алектенем. Себеби алар акылдуу болууга, эсте сактоону калыбына келтирүүгө жардам берет. Адамдын мээси канчалык көп иштесе ошончолук күчтүү болоорун билем. Ошон үчүн шахмат сыяктуу акыл оюндарын ойноо мен үчүн зарыл деп ойлойм .Анткени мен туубаса ДЦП диагнозу менен төрөлгөм.Мага дайыма акыл эс -тутумду өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү жасап туруумду сунушташкан.Апам мени мындан 1жыл мурда шахмат ийримине алып барган.Ошол күндөн баштап ,шахмат оюну менин бүтүндөй жашоомду өзгөрттү десем да болот.

Мен шахмат ийримине катыша баштандан бери математика,геометрия,физика сабактарын да мыкты өздөштүрө баштадым.Эске тутуму жакшырды.Оозеки сабактардан да көп ирет окуп,бирок эч нерсе түшүнө алчу эмесмин.Ал үчүн көп убактым жана күчүм кетчү.Азыр шахмат оюну менен алектенгенден бери ,ал сабактар мага алда канча жеңил болуп калды.Шахмат ойноо менен эки-үч кадам алдыга ойлонгонду үйрөнүп жатам.Азырынча алгачкы жыйынтыктарын бере баштады .Ошондой эле шахмат ойноо менен мен чыдамкай болууга жана өз коркунучтарыңды жеңүүгө үйрөндүм десем да болот.Мурда бир нерсени суроодон тартынып «жок»дечүмүн.Эми болсо өз оюмду айта алам жана мага керектүү нерсени сурай алам .Анан дагы шахмат ойноо менен бирге мен чечкиндүү жана эрктүү боло баштадым.

Шахмат,андагы жеңиш мага ийгилик деп эсептейм, жеңишке жетүү үчүн көп аракет керек, канча аракеттин негизинде жеңишке жетүү менен өзүмө күч, чыдамкайлык, тез ойлонуу, капысынан чабуул коюу, түзүлгөн кырдаалдан чыгуу сыяктуу иш – аракеттерди үйрөндүм.Мен шахмат ойноп жатканда актар менен каралардын кагылышуусун, бири-бирине сокку уруусун, кээде согуш талаасындагы аскердик жүрүштөрдү да элестетип ойноп кетем. Шахмат ойноо менен мен тактыкка ,убакытты туура пайдаланууга жана жоопкерчиликке да үйрөндүм. Мен шахмат күйөрманы болуу менен бирге сейрек кездешүүчү ооруга чалдыккан Аруузатка жардам берүү үчүн өз салымымды кошсом дейм. Себеби биз адамдар коомго пайда келтиришибиз керек. Башка адамдарга жардам берүү менен аларга экинчи өмүр тартуулап кайрымдуу болуу да ар бир жарандын милдети деп ойлойм .Анткени ,ден соолуктун канчалык маанилүү экендигин мен да абдан жакшы билем.

Мен ушул дил баянымды 4сап ыр менен жыйынтыктагым келди.

***АЛМАЗБЕКОВ НАДЫРБЕК АЛМАЗБЕКОВИЧ***
*Ученик 8 класса средней школы им.Э. Мейманова*
*Номинация «Не вижу преград, вижу цель!»*
*Группа «Школьники»,*
*Нарынская область, Ак-Таала р-н, с. Кош-Добо.*
*2022, Март*

Акыл -эсти өстүрүп.

Шахмат ойноп келемин,

Бул конкурска катышып.

Жеңсем деген тилегим,

Аруузатты колдоюн .

Оорубасын ылайым,